**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. PHILOSOPHY. SOCIOLOGY. POLITICAL SCIENCE

**e-ISSN: 1694-8823**
№1(7)/2026, 82-90

**УДК: 316.711**
**DOI:** 10.52754/16948823_2026_1(7)_9

# ЭТНИКАЛУУЛУК ПРОЦЕССИ - КООМДУК АҢ-СЕЗИМДИН ӨЗГӨЧӨ КОМПОНЕНТИ

## ПРОЦЕСС ЭТНИЧНОСТИ - СПЕЦИАЛЬНЫЙ КОМПОНЕНТ ОБЩЕСТВЕННОГО СОЗНАНИЯ

## THE PROCESS OF ETHNICITY A SPECIAL COMPONENT OF PUBLIC CONSCIOUSNESS

**Тогусаков Осмон Асанкулович**
*Тогусаков Осмон Асанкулович*
*Togusakov Osmon Asankulovich*

**академик, КРнын УИАсы**
академик, НАН КР
academician, National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic
Togusakov2003@mail.ru

**Эркинбеков Кылычбек Эркинбекович**
*Эркинбеков Кылычбек Эркинбекович*
*Erkinbekov Kylychbek Erkinbekovich*

**ф.и.к., доцент Бишкек инновациялык колледжи**
*к.ф.н., доцент Бишкекский инновационный колледж*
*PhD, Associate Professor, Bishkek Innovation College*
collegeiuk@bk.ru
ORCID: 0000-0002-9546-2069

# ЭТНИКАЛУУЛУК ПРОЦЕССИ - КООМДУК АҢ-СЕЗИМДИН ӨЗГӨЧӨ КОМПОНЕНТИ

**Аннотация**

Бул илимий макалада автор этникалуулук процессин коомдук ан-сезимдин өзгөчө компоненти катары карайт, андан тышкары аталган макалада айтылгандай, бардык элдердин туруктуу улуттук жалпылык касиетине ээ болуусу же социалдык жашоолордун бардык формалары этникалуулук түшүнүгүндөгү эң негизги зарыл шарттар болуп саналышат. Бирок толук түрдөгү этникалык касиеттин аныктоодо бул айтылгандар жетишсиз. Этникалуулук - бул реалдуу процесс, тагыраак айтканда коомдук аң-сезимдин өзгөчө компоненти болуп эсептелет, себеби ал (этникалдуулук) объективдүү дүйнөнү чагылдырууда ар бир аң-сезимдин жыйындысы болуп саналат. Биздин оюбузча, этникалуулуктун нукура жаратылышын тактоо жекелик аң-сезимдин чегинде жатат деп бүтүн чыгарууга болот. Бирок, белгилей кетүүчү нерсе, жекелик аң-сезим өзүнүн түнттүгүнө карабастан жана белгилүү бир конкреттүүлүктө өзүн-өзү аныктоочу жана өзүнө-өзү багыт берүүчү катары эсептөө терең жаңылыштыка жатат.

**Негизги сөздөр:** маданият, тил, улут, эл, этнос, ассимиляция, феномен, индивид, шайкештик, искусство.

---

***ПРОЦЕСС ЭТНИЧНОСТИ - СПЕЦИАЛЬНЫЙ КОМПОНЕНТ ОБЩЕСТВЕННОГО СОЗНАНИЯ***

**Аннотация**

В данной научной статье автор рассматривает процесс этничности как особую составляющую общественного сознания, кроме того, как отмечается в статье, наличие у всех народов постоянной национальной идентичности или всех форм общественной жизни является важнейшей предпосылкой для понимания этноса. Однако этих утверждений недостаточно для определения полной этнической идентичности. Этничность есть реальный процесс, точнее, особая составляющая общественного сознания, ибо она (этничность) рассматривается как сумма всякого сознания в понимании объективного мира. Поэтому можно сделать вывод, что определение истинной природы этничности лежит в пределах индивидуального сознания. Однако следует отметить, что рассматривать индивидуальное сознание как самоопределяющееся и самоотдающее в некой конкретности, несмотря на ее темноту, является глубокой ошибкой.

***Ключевые слова:*** культура, язык, нация, народ, этнос, ассимялция, феномен, индивид, идентичность, искусство.

***THE PROCESS OF ETHNICITY A SPECIAL COMPONENT OF PUBLIC CONSCIOUSNESS***

**Abstract**

In this scientific article, the author considers the process of ethnicity as a special component of social consciousness; in addition, as noted in the article, the presence of all peoples of a permanent national identity or all forms of social life is the most important prerequisite for understanding the ethnic group. However, these statements are not enough to determine the full ethnic identity. Ethnicity is a real process, more precisely, a special component of social consciousness, because it (ethnicity) is considered as the sum of all consciousness in the understanding of the objective world. Therefore, we can conclude that the definition of the true nature of ethnicity lies within the limits of individual consciousness. However, it should be noted that it is a profound mistake to consider individual consciousness as self-determining and self-giving in certain concreteness, despite its obscurity.

***Keywords:*** culture, language, nation, people, ethnos, assimilation, phenomenon, individual, identity, art.

**Введение**

Этнос термини (ethnos- грек тилинен которгондо улут дегенди билдирет) 60-жылдардын тегерегинен тартып элдер, улут, улуттук деген түшүнүктөрдү ачыктан-ачык кысуу жолу менен орус тилинин терминдинде орун алды, ал эми акырындап олтуруп өзүбүздүн массалык маалымат каражаттары аркылуу күнүмдүк колдонулуп келе жаткан тилибизге да кире баштады. Ушул сыяктуу көрүнүш башка дагы чет элдик өлкөлөрдө орун алып, мурун дээрлик белгилүү болбогон этникалык топ (ethnic group) деген аналогиялык мааниге ээ болду.

Ю.В. Бромлейдин көрсөтүүсү боюнча, «этносторду элдердин башка коомчулугунан бөлүү маселесин кароого киришүүдө урууларда, элдерде, улуттарда бир жалпы, ошону менен бирге эле ички белгилеринин болушуна көңүл бурбай койууга таптакыр мүмкүн эмес, ар бир ушул билимдер өзүнчө бир аталыштарга – жеке аттарга ээ».

«Этнос» термининин артында турган көрүнүштү аныктоодо адамзаттын жалпылыгын түшүндүрүп берүүчү «эл» деген терминди пайдалануу учурдагы кырдаал болуп эсептелет. Алар кездешпеген уруу, элдер, улуттар жок, болгон да эмес» (Бромлей Ю.В.,1983, 45-б.). «Алардын баардыгы – окумуштуу Ю.В.Бромлей белгилегендей, - өзүлөрүнчө аталыштарына ээ», «этнос» сөзүн «этноним» термини менен түшүндүрүүгө болот» (Бромлей Ю.В.,1983, 45-б.).

Ю.В.Бромлейдин жазганы боюнча “этникалык жалпылыктардын маңызы” канчалык туруктуу болгон менен алардын өздүк аталыштарына туура келбейт (Бромлей Ю.В.,1983, 46-б.). Белгилей кетүүчү нерсе баардык мамилелерде (жүрүм-турум, маданий, тарыхый, лингвистикалык, ички ж.б.у.с.) жеке этнонимдин жоктугу, сөзсүз түрдө аларга ар кыл этнонимге тийиштүү болгон элдер, бул этноним кантип пайда болушу жана белгилүү бир коомчулукта кандайча орун алгандыгына карабастан анын кээ бир мүчөлөрү сыяктуу эле бир дагы этностун катарына кирбейт. Жогорудагы айтылып жаткан жагдайга жетишээрлик, так жана ынанымдуу мисал катарында эки жакын славян элинин -орустарды жана белорустарды айтсак болот. Ушул маселеге байланыштуу тактай кетүүчү нерсе, Октябрь революциясына чейин падышалык Россия доорунда улуу, кичүү, анын ичинде Россиянын агы жана карасы аттуу аталыштарга ээ болгон аймактар болгон. Кичүүсү жыйынтыгында Украинада, Агы болсо - Белоруссияда калыптанды. Эгерде кандайдыр-бир себептер менен өзүнө түндүк-батыш россиялык аймактардын бөлүгүн камтыган Кара россия пайда болгон болсо, мүмкүн кара орустар да пайда болушмак деп божомолдосок болот. Албетте, бул болгону гипотеза, бирок ал биз байкагандай ал негизсиз же болбосо башка бир божомолдорду айтсак болот. Эгерде Россияда мурунку падышалык режим сакталып турган болсо, мүмкүн метрополиянын мурунку администрациясы андан көз каранды кылмак дагы, украиндер менен белорустардын өзүнчө мамлекет катары таанымак эмес, эгер ал жеке реалдуулукта бир бөлүк катары болгон болсо, минималдуу аймакта локализацияланып, андан кийин улуу орус элинде ассимиляцияланып бир катар маңыздуу белгилер менен сакталып калмак.

Карама-каршылыктын касиеттеги мисалы катары корейлерди айта турган болсок, маңыздуу айырмачылыктары формалдуу бир коомчулуктун чегинде болуп анын мүчөлөрү тарыхый, саясий, экономикалык, социалдык, лингвисикалык жактан бириккен жана иш жүзүндө жаңы этникалык бирдиктин түзүлүшүнө алып келди. Жекече аталыштагы феномени бул жерде чечүүчү ролду ойноору күмөнсүз.  Аналогиялык мисал катарында, коомчулуктун башка этникалык компоненттерине маңыздуу таасирин тийгизүүдө кытай этносу кызмат

кылат. Баарыбызга маалым болгондой кытай тили деп биз эмнени айтабыз, чындыгында ал өзүнө бир канча диалектилерди, ортолорундагы айырмачылыктарды маңыздуу деп эсептеп, аларды бир тилдин түрү катары эмес, шарттуу түрдө кытай тили деп аталган ар кыл тилдер деп эсептесек туура болчудай эле. Бирок, жеке этноним жеке жазма иероглификтик система менен катар, эгер ушинтип айтканга мүмкүн болсо, лингвистикалык дал келбөөчүлүктү жоготот жана кытайлар бир нече миң жылдар бою жеке бир мамлекеттин чегинде калуу менен алардын өздүк туюп сезүү, өзүн бир коомчулука тийиштүүлүгүндө өздүк кабыл алуусу жаатында жеке этнос болуп эсептелет. Мисалы Кытайдын Түндүк кантонунун өкүлдөрүнүн көпчүлүгү түштүк же чыгыш аймагындагы кытайлыктардын оозеки түрдө сүйлөө диалектикасына түшүнбөстүктөрү толук мүмкүн, ошондой эле алар дагы буларды түшүнүшпөйт. Лингвосемантикалык белги бул баардык этностун калыптанышында өзгөчө мааниге ээ болуп, кытай жана корей элдери менен көпчүлүк убакта өздүк аталыш эффектисинин же башкача айтканда этнониминин жардамы аркасында аз-аздан өзгөртүлгөн. Бул көрүнүштүн феноменин анын ички иррационалдуулугуна карабастан толук түшүндүрсө болот жана биз кыскача талапка ылайык түшүндүрмөлөрдү берүүгө аракет жасайбыз. Демек, качан адам төрөлгөндөн, тагыраак айтканда бул жарык дүйнөгө келип жана өзүн-өзү аңдап биле баштагандан тартып дайыма өзүн урук, уруу, элдер, этностор, бир сөз менен айтканда белгилүү бир жамааттык түзүлүштөр түрүндө берилүүчү социалдык реалдуулука тийиштүү кылат. Адам келечекте ушундай бир коомчулуктун реалдуу мүчөсү болуп өзүнүн жеке жашап кетүү кызыкчылыгын ойлоо менен же ар кандай учурда жыргалдуу жашоо пайда болгондо өзүн курчап тургандар менен биригүүгө аракеттенет. Мындай ыңгайланышуу шарты адамдарды өздүк жана чоочун деп бөлүштүрүү жыйынтыгына алып келет. Качан гана жекече индивидумдун аң-сезими табигый эреже менен баары биригип жогорку деңгээлге, б.а. социалдык оюнга чыккан болсо, анда талапка ылайык этнонимдерге ээ ири элдик массивдер тартылат, бул индивид өзүнүн кандайдыр-бир этноско тийиштүүлүгүн түшүнүдүрүп, башка аналогиялык жекеликтерден айырмаланат. Мындай учурда ал өзүн кандайдыр бир этникалык топко таандык деп эсептейт дагы, ошол тараптагы орду менен өзүн белгилүү бир деңгээлде көрсөтө алат. Экинчи жагынан, ал ким экендигин билген учурда дагы өзүн эркин сезе албайт. Башкача айтканда ошол топтун мыйзамы менен жашоого мажбур болот, мындай кырдаалга мурунку Советтер союзунун аймагында жашаган, өзүлөрүнүн негизги массасында корей тилин таптакыр билбеген жана эчак эле аутентикалык менталдык чектеринин бөлүгүн жоготкон, өзүлөрүн башка улут деп эсептебеген корей улутундагылар туш болушкан. Аларда жөн гана башка аталышты колдонууга реалдуу мүмкүнчүлүгү жок, бирок жыйынтыгында биринчи көз караште эле этнонимдин алдында кореец деген түшүнүктү түшүнбөөсү үчүн жана кореецтер ич ара бөлүнбөсүн деген парадоксалдуу көрүнүш менен кездешпей кое албайбыз. Эгерде бул айырмачылыктар маанилүү болсо да корей элинин ар кыл топторун ар кандай этносторго тийиштүү деп айта албайбыз. Ушуга байланыштуу «этнос» түшүнүгүнүн катачылыктарын көрсөтүү, анын жетишээрлик деңгээлде иштелип чыкпагандыгы белгилүү болуууда (Тогусаков, Эркинбеков, 2024, 69-б.).

Экинчи жагынан, эчак эле изилдөөчүлөр маданияттын бир дагы компоненти милдеттүү түрдө этношайкештик ээ эместигин айтышкан. Эң жакшы дегенде алар руханий талапка ылайык тигил же бул учурда шартка жараша доминанттык роль ойношу гана мүмкүн. Кээ бир учурларда мындай сапат катары тил, экинчи бир учурда дин, үчүнчүдө – менталитеттин, жүрүм-турумдун ж.б.у.с. элементтер каралышы мүмкүн, бирок бардык учурларда алар негизги

этношайкештик функцияны аткарып, биз каалаган жыйынтыка алып келбейт. Мунун баарына, - Ю.А.Бромлей белгилегендей, этносторду күнүмдүк тажрыйбада чектөө, ереже катары алардын маданиятынын туруктуу жана ички курамын компоненттери: тил, дин, элдик искусство, оозеки чыгармачылык, үрп-адаттар, жөрөлгөлөр, жүрүм-турум нормалары ж.б.у.с кароого болот. Буга андан сырткары кабыл алынган сылыктыктын белгилери саламдашуу учурлары, өзүн-өзү алып жүрүүдөгү жана тамактануудагы этикети, гигиеналык адаттар ж.б. тийиштүү. Маданияттын бул көп сандаган компоненттери кээ бир элдерде өзүнүн мүнөздүк чектерине - этникалык түскө ээ жана муундан-муунга берилүү менен ал үчүн спецификалык стилге ээ болгон этникалык маданиятты пайда кылат» (Бромлей Ю.В.,1983, 17-б.).

Ю.А.Бромлейдин бул оюна биз дагы кошулабыз, бирок кошумча катары биздин оюбузча этникалык белгилерге башка да түшүнүктөрдү киргизүүгө болот. Коомдогу этностордун ар түрдүү шартта жашоо образын өткөрүп жаткан бир этникалык түзүлүштөрү үй-бүлөөлүк турмуш, никелик үрп-адаттар, каада-салт менен жөрөлгөлөр жада калса ар-кандай ыкмада даярдалып жаткан тамак-аш түрлөрүн этношайкештиктин белгилери катары кароого болот.

Көпчүлүк этнологдор белгилеп жүргөндөй маданият-бул бардык адамзаттын калыптануусу үчүн жалпы базалык негизги болуп саналат. Дегеле, бардык дүйнө жүзүндөгү туруктуу жашаган калктын өзүнчө бир улуттук жалпылык касиетке ээ болуусу же болбосо социалдык тараптан бардык формалары этникалуулук түшүнүгүндөгү эң негизги зарыл шарттар болуп саналышат. Бирок, толук түрдөгү этникалык түшүнүктүн бул касиетин аныктоодо жогорудагы айтылгандар жетишсиз. Ушуга байланыштуу төмөндөгүдөй табигый суроо туулат: этникалуулукту кайсыл учурда толук кандуу жетишээрлик түшүндүрө алат? Бул суроого жооп берүүдөн мурда, бир маанилүү кырдаалды эске ала кетүүбүз зарыл. Этникалуулук- бул реалдуу процесс, тагыраак айтканда коомдук аң-сезимдин өзгөчө бир компоненти, себеби ал (этникалдуулук) объективдүү дүйнөнү чагындырууда ар бир аң-сезимдин жыйындысы болуп эсептелет. Демек, этникалуулуктун нукура жаратылышын тактоо жекелик аң-сезимдин чегинде жатат деген бүтүм чыгара берсек болот.

К. Маркс белгилеп кеткендей, «тарыхый материализм адамдардын дене түзүлүшүндө камтылып турган табияттын тарыхын эмес, адамзаттын тарыхын ачып көрсөтөт. Бирок бул эки "тарых" бири-бири менен тыгыз байланышта эриш-аркакта болуп, өз ара катышып турганы менен илимий талдоо жүргүзүүдө аларды кайсы көз караштан талдоо керектигин тактоону талап кылат. Биз талдаганы отурган тарыхый материал - бар болгону биздин өзүбүздүн эле маалымат архивибиз, андан башка эч нерсе эмес. "Тарыхтын өзү табияттын тарыхынын, адамдын жаратылышынын калыптанышынын чыныгы бир бөлүгү болуп саналат. Бара-бара адам жөнүндөгү илим табият таануу илимин кандай даражада өзүнө камтыса табият таануу да өзүнө адам жөнүндөгү илимди ошондой эле даражада камтып, бир бүтүн илимге айланат" (Маркс К., 1957, 119-б.). Чыныда эле, балким азыр биз ошондой илимди түзүүнүн босогосунда тургандырбыз.

Эки илимди бириктирүү жөнүндө сөз жүрүп жаткан соң, албетте, ал маселеге мамиле жасоо да өзгөрөт. Бирок, синтезден мурда талдоо жүргүзүүлөрүн биле туруп, алга карай ашыгуунун кажети жок. Арийне, айтып кое турган бир нерсе, ошол синтезден кийин да материалисттик табият таануунун негизи эч өзгөрбөстөн кала бермекчи. Же болбосо бул ой Маркстын «бардык өлүк муундардын салттары артка тартат, тирүүлөрдүн акылы астындагы коркунучтуу нерсе» деген идеясын четке кагат. Анын белгилөөсүндө ал жакшыбы же

жаманбы салттардан сырткары элдердин бир дагы туруктуу жалпылыгы калыптана албайт; бирок анын элдер менен кырдаалдар жөнүндөгү көңүл буруусун эске алсак болот: «алар өзүлөрү тандап алышкан жок, аларга берилди жана өткөндөн келишти». Ар бир адам качан, ким болуп төрөлөөрүн тандабайт, бирок кандайдыр бир белгилүүтүрдө реалдуулука ээ болот. Убакыттын өтүшү менен дүйнө тигил же бул шартта бөлүнгөндүгүн, ал же бул себептер, белгилер менен ага жакын экендигин сезет. Кандай гана болбосун иш жүзүндө этностордун тарыхы бар реалдуу тарыхка тийиштиги бар экендигин жана анын ойломдору жана иш-аракеттери сөзсүз түрдө «биз-алар» деген тезистин чегинде жүзөгө ашаарын аңдап билет (Бичурин Н.Я., 1950, 122-б.).

Ушул себептин натыйжасында гана этнос болуп өзүн башка ушул сыяктуу жалпылыктардан айырмалаган, кандай болсо, ошондой аңдап билген элдердин маданий жалпылыгы гана боло алат. Этнос мүчөлөрүнүн өзүнүн топтук биримдигин аңдап билүүсүн этникалык өздүк аң-сезим деп атоого болот, ал жалпы өздүк аталышта (этнонимде) формалдашат. Этникалык өздүк аң-сезимдин маанилүү компоненти болуп этностун бардык мүчөлөрүнүн келип чыгышынын жалпылыгы туурасындагы “элестөө” эсептелет, аларды көбүнчө генезис эле эмес, алардын ата-бабаларынын бирдиктүү тарыхый тажрыйбасы-классиктин сөзү менен айтканда «артка тартат, тирүүлөрдүн акылы астындагы коркунучтуу нерсе катары» деп түшүндүрүлөт» (Кассирер Э., 1991, 65-б.).

Бирок, тарых ушундай болуп калыптанышы мүмкүн, өнүгүүнүн белгилүү бир этабында этнос кандайдыр-бир кырдаалдарга байланыштуу ар кандай топторго бөлүнүп, бирдиктүү жашоо тажрыйбасын токтотот. Бирок, ошол эле учурда баардыгына тийиштүү жалпы этнонимди сактап кала алат (мисалы, кореецтер). Ошентип бир этностун бир нече түрлөрүн өзүнө камтып алат, эгерде алар баары бир ич ара маңызы боюнча бөлүнүшсө дагы, өзгөчө бир этностук биримдикти түзө алышат.

Арийне, алар формалдуу түрдө бирдиктүү этнос боло алышабы же мазмуну боюнча ачык бойдон калып өзүнүн дискуссиялуулугун жаркын келечекте жоготуп алабы?- деген суроо туулат. Бул көрүнүштү биз жогоруда жазып өткөндөй этнонимдин эффектиси катары аныктоого болот.

Белгилей кетүүчү нерсе, тарыхта карама-каршы диалектикалык мамиледеги процесстер дагы орун алган. Буга далил катары, жогоруда биз пенджабдар туурасында сөз кылдык. Этникалык шайкештикти жоготуудагы үлгүсү, көрсөтмө катары жана масштабдуу мисал катары биз этнонимди өзгөртүү боюнча америкалыктарды айтсак болот. Англис тилинде сүйлөгөн мамлекеттин чегинде ар кыл этникалык топторду бириктирүү онойго турган жок (Поздняков Э.А., 1997, 44-б.).

Метрополия менен колониянын ортосундагы согуш, англичандар менен жергиликтуу калк жана жер шарынын ар бурчунан келгендер аргасыз болушкан. Себеби, алардын ортосундагы курч мамилелер, калктын кара терилүү бөлүгүнүн эс тутумунда өзүнүн этникалык өзгөчөлүгүн сактап калуу жана аны заманбап мезгилге алып баруу маселелери биринчи орунга чыкты. Ушуга байланыштуу жаңы базалык этникалуулукту калыптандыруу зарылчылыгы реалдуу процесске айланды. Натыйжада алардын бардыгын бир экономикалык кызыкчылыкка топтоштуруунун негизинде салыштырмалуу кыска убакыттын ичинде «америкалык» деген жаңы этнос пайда болду жана азыркы убакта ал калыптануу абалында турган чагы десек болот.

Жалпы жонунан этносту мүнөздөө менен бардык анын мүчөлөрүнүн маданий биримдиги психиканын белгилүү бир жалпы чектери менен тыгыз байланышкандыгын эске ала кетүү зарыл.

Соңку мезгилде жазылган философиялык сөздүктөрдүн биринде улутка мындайча аныктама берилет: «Улут –индустриалдык доордогу ири социалдык-маданий коомчулуктарга мүнөздөмө берүүдө колдонулуучу полисемантикалык түшүнүк болуп эсептелет. Улутту түшүнүүнүн эки негизги ыкмасы бар: бири - белгилүү бир мамлекеттин жарандарынын саясий жалпылыгы катары (саясий улуттар) жана экинчиси - жеке тили менен өздүк аң-сезими бар этникалык жалпылык катары (этно-улуттар)» (Новейший философский словарь, 1998, 460-б.).

Жогоруда «улут» түшүнүгүнө берилген аныктамалар бири-биринен айырмаланышат, бирок, алардын жалпылыгын аныктоочу болуп төмөндөгү эки учур эсептелинет: биринчиси – улут салыштырмалуу коомдук өнүгүүнүн, тарыхтын соңку жемиши катары каралат; экинчиси – улут түз же кыйыр түрүндө мамлекет деген көрүнүш менен байланышат. Ушул экинчи учурга ылайык, саясатты этникалык эмес, улуттук мейкиндикте кароо максаттуу жана чындыкка жакыныраак болоор эле.  Бирок шартка байланыштуу улутту мамлекет менен тыгыз алакада кароо салты пайда болду десек болот. Себеби фактыга таяна турган болсок, улуттун саясат менен мамлекеттик саясаттын ортосунда дал келүүчүлүк учурлары бар экендигин айтууга болот. Саясий илимдер өздөрүнүн өнүгүү эволюциясында акырындык менен, философияны саясий теориянын чөйрөсүнөн бөлүп чыкты. Анткени улуттук мамлекеттер, саясаттын улуттук спецификасы катары бааланып конкреттүү мамлекеттердин саясатын анализдөөнүн негизинде бул феномен акырындык менен изилдөөчүлөрдүн көңүл борборунан сыртта калды. Башкача айтканда, иш жүзүндө улуттук саясат болсо мамлекеттик саясат катары каралып калды, ал эми улуттук элемент изилдөөнүн өзгөчө объектиси катары бөлүнүп калган жок. Изилдөө иштерин практикалык максаттарга багыттаган изилдөөчүлөрдү саясат жаны анын жүзөгө ашуусунун механизмдери ошондой эле саясатчылар кабыл калган чечимдердин жыйынтыктары кызыктырган. Ушундай гана кырдаал реалдуу мамлекеттердин саясатын эске алуу менен бизди этникалык саясаттын маселелерин гана изилдөөгө түрткү берди, андыктан улуттук саясаттан айырмаланып мамлекеттик саясат түшүнүгүнө дал келүүчү түшүнүк болуп эсептелбейт.

Белгилей кетүүчү нерсе, саясат социалдык реалдуулуктун өзгөчө бир формасы катары мамлекет жана анын карамагындагылардын мамилелерин так айырмалоосунун негизинде коомдо жарандык тартипти камсыз кылууга багытталган бийликтин иерархиялык системасы болуп эсептелет.

Этникалык саясатка аныктама берээрден мурда, биздин пикирибизде, «саясат» түшүнүгүнө берилген бир канча илимий аныктамаларга анализ берүү абзел.

«Саясат деп биз эмнени түшүнөбүз? – деген суроону белгилүү социолог жана саясатчы Макс Вебер берет дагы, ага мындайча жооп берет. -Бул түшүнүк өзгөчө мааниге ээ жана өз алдынча жетекчилик кылуу ишмердүүлүгүнүн баардык түрлөрүн камтыйт…Биз мындай учурда жетекчилик, же жетекчилике саясий союз менен, б.а. биздин күндөрдө мамлекет менен таасир көрсөтүү жөнүндө айтууга аргасызбыз» (Вебер М., 1990, 644-б.). Башкача айтканда М.Вебер саясат деп биринчи ирээтте мамлекеттин ишмердүүлүгүн, алар аркылуу жетекчиликтин ишке ашуусун түшүнгөн.

1989-жылы жарык көргөн философиялык энциклопедиялык сөздүктө саясат мындайча түшүндүрүлөт: «Саясат (грек. πολιτικά – мамлекеттик же коомдук иштер, πόλις – мамлекет) – ядросу басып алуу, мамлекеттик бийликти кармоо жана колдонуу болуп эсептелген таптар, улуттар жана башка социалдык топтор ортосундагы мамилелер менен байланыштуу болгон ишмердүүлүктүн чөйрөсү» (Философский энциклопедический словарь, 1989, 490-б.).

Оңой эле байкалып тургандай бул аныктама толугу менен марксистик рухта жазылган, бирок мамлекет анда көз жаздымда кадып кеткен. Ал эми саясий процесстерде эң башкы кыймылдаткыч күч болуп мамлекет эсептелет, себеби анда негизги өзөк «басып алуучулук, мамлекеттик бийликти кармап туруу жана колдонуу маселеси» эсептелет.

Жаңы философиялык сөздүктө айтылгандай: «Саясат – мамлекет ичинде жана мамлекеттер ортосундагы бийликти жүзөгө ашыруу жана бөлүштүрүү менен байлынышкан ишмердүүлүктүн чөйрөсү» (Новейший философский словарь, 1998, 529-б 6.).

Демек, этникалык саясатка жеке аныктама берээрден мурда бир канча зарыл болгон кемчиликтерге токтолобуз. Биринчиден, этникалык саясат мындай учурда этностук өз ара карым-катнаштарды жана маселелерди тескөөгө багытталган саясат катары түшүндүрүлбөйт; экинчиден, этникалык жана мамлекеттик саясаттын ортосунда принципиалдуу айырмачылыктар бар экендигин же алар кандайдыр бир деңгээлде бири-бирине карама-каршы коюлган деп божомолдобой эле коюу абзел; үчүнчүдөн, саясаттын бардык формаларын реалдуу гана адамдар ишке ашырса, алар кандайдыр-бир этноско тийиштүү болсо жана андан тигил же бул ченемде этникалык кызыкчылыктар болсо, албетте мындай учурда этникалык саясатка аныктама берүү аракетинде белгилүү бир кыйынчылыктарды түзөт.

Этникалык саясаттын бирден-бир маанилүү фактору катары тил эсептелет. Майкл Шадсон белгилегендей: «Тилдин маанилүүлүгүн баалабай коюуга болбойт. Тил, адамзат баарлашуусунун негизги каражаты катары кызмат кылат. Массалык байланыштардын калган бардык каражаттары ушул фактордун жардамы аркылуу гана жүзөгө ашат. Башка эч бир каражат адамзат баарлашуусуна ушунчалык терең кире албайт. Тил маалымат алуунун көмөкчү компоненти эмес, тескерисинче зор кубаттуулукка ээ болгон маданияттын объектиси» (Культура и интеграция национальных обществ, 1994, 84-б.).

«Тил, - окумуштуу белгилегендей, -бул колдонулуучу жана анын алып жүрүүчүлөрүнүн макулдугун чагылдырган, маданияттын реалдуулугун өзүнө камтыган кандайдыр-бир көшөгө катары каралат. Тилди үйрөнүү лингвистикалык кодду өздөштүрүүнү эле эмес, маданий тажрыйбанын топтолгон фондуна да уруксат алууну түшүндүрөт. Коомдун кабыл алган тилин билүү анын фонетикалык, синтаксистик жана семантикалык эле эмес, прагматикалык эрежелерин да түшүнүүнү билдирет» (Культура и интеграция национальных обществ, 1994, 82-б.).

Тил бардык коммуникативдик активдүүлүктө борбордук орунду ээлейт. Ал бирдей ченемде сырткы дүйнөнү уюштуруу жана курамдаштыруусунун, тажрыйба берүүнүн каражаты катары каралат жана баарлашуу процессинин катышуучуларынын ортостундагы маалыматтын негизги «коштоочусу» катары кызтмат кылат. Тилдин мүнөздүү конструкцияларында аны алып жүрүүчүлөргө мүнөздүү болгон ойлонуу образынын элементтери камтылган. Ойлонуу образынын өзү индивидуалдуу жана этникалык тажрыйба менен катар белгилүү бир деңгээлде тилдин конструктивдүү, лексикалык, семантикалык жана

фонетикалык өзгөчүлүктөрү, мүмкүнчүлүктөрү менен аныкталат. Андан сырткары, тил элдин интеллектуалдык-руханий болмушу жүзөгө ашкан семантикалык талаага «чоочундардын» кирүүсүнүн табигый тосмосу болуп эсептелет. Социалдык карым-катнаштын бул тилдик реалдуулугу көпчүлүк учурда кабыл алуучу коомдун тил билүүсү чектелген чоочундардын жашыруун дискриминациясы кызматын аткарат. Тескерисинче, тилди өздөштүрүү «негизги агымды» жеткиликтүү кылуусун жана социалдык статусту жогорулатуу мүмкүнчүлүгүн ачып берет.

«Этносаясат» түшүнүгүн колдонуу бизге «этникалык топ» жана «улут» терминдерин заманбап чечмелөөлөрдүн негизинде негиздүү көрүнөт. Р.Г.Абдулатипов баса белгилегендей, «улут – мамлекет – идеалдуу түрдө коомдун саясий, экономикалык жана социалдык турмушуна жигердүү катышкан жана ошону менен алардын социалдык-экономикалык абалына жана саясий абалына канааттанган улуттардын-этникалык топтордун биргелешип жарандыгынын продуктусу болууга тийиш» (Абдулатипов Р.Г., 1999, 25-б.).

Демек, сонунда айтарыбыз, этникалык саясат – бул мамлекет, саясий партиялар жарандардын ортосундагы өз ара карым-катнаштарды камтыган мамлекет ичиндеги бийликти жүзөгө ашыруу жана бөлүштүрүү менен байланышкан ишмердүүлүктүн чөйрөсү. Этнос же бир канча этностор аркылуу жүзөгө ашкан, көрсөтүлгөн чөйрөдөгү ишмердүүлүктүн формасы, жыйынтыгында саясатты ишке ашыруу каражаттарында, методдорунда жана формаларында жалпы маданий, лингвистикалык, менталдык касиеттер жана ушул этностун реалдуу тарыхы менен шартталган этникалык специфика орун алат. Этникалык ишке ашыруу жолунда мазмуну жана маңызы тарабынан этноско тиешелүү көптөгөн компоненттерди көрүүгө болот.

**Адабияттар**


1. *Бромлей Ю.В.* Очерки теории этноса. – М., 1983. – 45-б.
2. *Маркс К.* Восемнадцатое брюмера Луи Бонапарта. Сочинения. 2-чыг. 8-Т. М., 1957. 119-б.
3. *Бичурин Н.Я.* Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена. – Т. 1. – М.-Л., 1950.
4. *Кассирер Э.*Опыт о человеке. Введение в философию человеческой культуры // Мир философии. – М., 1991. – Ч. 2.
5. *Поздняков Э.А.* Геополитика. – М., 1997.
6. *Новейший философский словарь //* Сост. А.А. Грицанов. – Минск, 1998.
7. *Вебер М.* Избранные сочинения. – М., 1990. 644-б.
8. Философский энциклопедический словарь // Редкол.: С.С. Аверинцев, Э.А. Араб-Оглы, Л.Ф. Ильичев и др. – 2-е изд. – М., 1989. 490-б.
9. Культура и интеграция национальных обществ // Международный журнал социальных наук, 1994. – № 3(6). – Август.
10. *Абдулатипов Р.Г.* Сущность нации-этноса, совет сторонникам безнациональности. - М.: Славянский диалог, 1999. 25-б.
11. Тогусаков, О., Эркинбеков, К. (2024). Этнос феноменине болгон философиялык талдоонун өзгөчөлуктөрү. *Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы*, (1), 66–75. https://doi.org/10.52754/16948610_2024_1_7